# Жылдыздардын окуясы




Автор: Паринита Шетти

Сүрөтчү: Иша Мангалмурти, Упаманю Батачария

Которгон жана адаптациялаган: Айсулуу Койчубек кызы

# Жылдыздардын окуясы

Автор: Паринита Шетти
Сүрөтчү: Иша Мангалмурти, Упаманю Батачария
Которгон жана адаптациялаган: Айсулуу Койчубек кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жылдыздардын окуясы" (кыргыз тилинде), Айсулуу Койчубек кызы тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Аруке Исакова. The Starlight Adventure (англисче) чыгарманын негизинде, автору Parinita Shetty, сүрөтчүсү Isha Mangalmurti жана Upamanyu Bhattacharyya, Pratham Books © 2019 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/70193-the-starlight-adventure

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ариз менен Элина Айдын эмнеден жасалгандыгы жөнүндө талашып калды.

– Ай – жөн эле жумуртка, аны башка планетадагылар уурдап асманга илип койгон, – дейт Элина.

– Ал быштактан жасалган шар, – деп Ариз өз оюн айтат. Экөөнүн ою эки башка болуп чыкты. Чындыкты билүү үчүн издене башташты.





– Түшкү тамактанууга чейин келип калыш керек, – деп космос кемесин жүргүзүп, учуп жөнөштү. Суроого жооп алуу үчүн 11 мүнөт эле жетиштүү.



Алардын астынан сыңар мүйүздүү канатчан ат чыгат.

– Ай каякта?

– Эмнеге сен жылтыраксың?


– Ай эмнеден жасалганын билесиңби?

– Сен эмнеден жасалгансың? – деп суроолорду жаадырышты балдар.



Сыңар мүйүздүү канатчан аттын убактысы жок болчу, анткени ал жем жеп жаткан:

– Эгер жем жегенди токтотсом, мен эч качан укмуштуудай керик боло албай калам, – деди ал. Аңгыча алыстан катуу «Ба-а-ах, Ба-ба-ах!” деген добуш угулду.



– Жардамга, мен бул капканда өмүр бою каламбы? – деген үн чыкты.

– Көп сүйлөбө! – деп тыят башка бир үн.

Ал үндөрдү уккан Элина менен Ариз коркуп кетишти.

– Биздин жардамыбыз керек окшойт, – дейт Элина.

– Биз ага жардам берсек, жакшы иш кылган болот элек, – деп Ариз өзүнчө кудуңдайт.

– Ак куу келе жатат, абайлагыла! – деп сыңар мүйүздүү канатчан ат кыйкырып коюп, кайрадан жем жей берди.



Ариз менен Элина укмуштуу окуяга туш болгонун сезишти. Бир кезде алар мунараны кайтарып турган таш боор ханыша менен мунаранын терезесинде ыйлап отурган ажыдаарды көрүштү. Элинанын жүрөгү оозуна тыгылса да, коркконун билдирбей ханышадан сурайт:

– Эмне үчүн ажыдаарды камап койдуңуз?

– Анткени ал мен уктап жатканда чачымды уурдап кетип, кайра бербей жатат, – деп ачууланып жооп берди ханыша.



– Мен чачты кайра алып келип бере албайм. Аны аябай коркунучтуу жерден алып келиш керек, – деп ыйламсырады ажыдаар.

– Кайсы жер коркунучтуу болсо, ошол жакта укмуштуудай окуялар күтүп турат, – деп сүйүнүп калды Ариз.

– Бирок ар бир укмуш окуяда эр жүрөк баатырлар да болот, – деди Элина.

– Эр жүрөк баатырбы? Сиз капа болбоңуз! Биз сиздин чачыңызды алып келип беребиз! – деп Ариз тайманбай жооп берди.

Ажыдаар чач каякта экендигин айтып берүүгө макул болду. Бирок алар менен чогуу барбай тургандыгын эскертти.



Себеби чач ак кууда болчу. Оозунан от чыккан чоң ажыдаардын ак куудан коркуп жаткандыгына Ариз менен Элина аябай таң калышты.

– Ак куу чач жоголгонун деле билбейт болуш керек, – деди Ариз.

– Биз ак куудан чачты кайрып берүүсүн суранабыз. Бизге башка эч нерсенин кереги жок деп айтабыз, – деди Элина.

Бирок Элина менен Ариздин оюу ишке ашпай калды.



Балдарды байкап калган ак куу канаттарын жайып, космос кемесин аткылай баштады. Ариз менен Элина ак куудан качып, бир жерге жашынышты. Бирок ак куу алардын артынан акырын аңдып барды. Ошол маалда Элина менен Ариздин ичтери курулдай баштады.

– Ии-ий, биз түшкү тамакка кечигип калыптырбыз, – деп экөө тең саатты караштты.



Алар космос кемесин от алдырганга аракет кылышты.
«Дырр-дырррррр».
Тилекке каршы, космос кемеси жүрбөй, өчүп калды.
«Бышш-бышшш!»



Элина менен Ариз коркуп кетишти.


– Биз эми үйгө кантип барабыз?

– Бузулуп калдыбы?

– Аябай курсагым ачып жатат!

– Кимден жардам сурайбыз?

Асмандагы жылдыздардан жардам сурагылары келди.



Көп ыйлап берип, ажыдаардын мурду бүтөлүп, оозунан от чыкпай калды.

– Оозумдан от чыкпай калыптыр. Оттун жардамы менен жеткирип коймокмун, – деди ажыдаар.

Мүйүздүү учкан ат канаттарынын ооруп жаткандыгын, ал дагы жеткире албастыгын айтты.

Космостогу эң күчтүү киши колун сындырып алыптыр, ал да жеткире албай тургандыгын айтты.

– Эми үйгө кантип кетебиз? – деп балдар ойлонуп калышты.

Ошол маалда ажыдаарга бир ой келди.



Көп ыйлап берип, ажыдаардын мурду бүтөлүп, оозунан от чыкпай калды.

– Оозумдан от чыкпай калыптыр. Оттун жардамы менен жеткирип коймокмун, – деди ажыдаар.

Мүйүздүү учкан ат канаттарынын ооруп жаткандыгын, ал дагы жеткире албастыгын айтты.

Космостогу эң күчтүү киши колун сындырып алыптыр, ал да жеткире албай тургандыгын айтты.

– Эми үйгө кантип кетебиз? – деп балдар ойлонуп калышты.

Ошол маалда ажыдаарга бир ой келди.




Ажыдаар Элина менен Аризди жаачыга алып барды. Жаачы жаанын жебесине балдарды отургузуп, балдардын үйүнүн терезесин мээлеп атты.

Ошентип, алар үйүнө келип калышты. Сүйүнгөн балдар бүгүнкү окуялар боюнча сүйлөшө кетишти.

– Асманга учуп барганыбыз менен, Ай эмнеден жасалганын биле алган жокпуз го?

– Туура! Мага дагы көп нерсе кызык боло баштады. Тескерисинче, суроолорубуз көбөйдү. Мисалы, жылдыздар эмнеден жасалат?





Ариз менен Элинанын окуясындагы каармандарды дагы бир жолу атап кетели:

1. Моноцерос – жалгыз жылдыз
2. Ажыдаар
3. Ханыша
4. Ак куу
5. Ханышанын чачы
6. Саат
7. Сыңар мүйүздүү канатчан ат
8. Күчтүү киши Жаачы



Асмандагы фигуралар.

Топ жылдыздар – бул силер элестеткен жылдыздардын тобу. Асманга көз чаптырып, көрө аласыңар!

Бул оймо-чиймелерди асмандагы эң майда жылдыз элестетет. Ар бири жөнүндө өзүнчө уламыш бар.



1922-жылы астрономдор асманды 88 топ жылдызга бөлүшкөн. Топ жылдыздар бизге чоң жардам берет. Илгери адамдар топ жылдыздар боюнча жылнааманы тактап турушкан. Алардын жайгашуусуна карай эгин качан чабыларын билишкен. Ошондой эле кемедеги матростор жана саякатчылар топ жылдыздардын жардамы менен жол табышкан.

Эгер топ жылдыздарды издеп, ушул китепте сүрөттөлгөндөй таба албасаң, кабатыр болбо! Сен ойлоп жаткандай, жылдыздар даана көрүнбөшү мүмкүн. Топ жылдыздарды белгилөө үчүн жылдыз картасын колдон!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Паринита Шетти
Сүрөтчү: Иша Мангалмурти,
Упаманю Батачария
Которгон жана адаптациялаган:
Айсулуу Койчубек кызы



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**